**УДК 687.016:687.122 (575.2)**

# КЫРГЫЗ АЯЛДАРЫНЫН ЭЛДИК НУКУРА КИЙИМДЕРИНИН КОНСТРУКЦИЯЛЫК ОЗГОЧОЛУКТОРУ

***Иманкулова Айым Сатаровна,*** *д.т.н ., профессор, КМТУ, И. Раззаков атындагы, Кыргызстан, 720044, Бишкек, ш. Тынчтык пр. 66.*
***Бикир кызы Асель,*** *магистрант гр. ТИЛП (м) 1-16 КМТУ, И. Раззаков атындагы, Кыргызстан, 720044, Бишкек, ш. Тынчтык пр. 66. Тел:(+996)555-94-54-64 e-mail.ru: Aselya_ik_1994@mail.ru*

**Аннотация:** Бул макала кыргыз аялдарынын кийимдеринин келип чыгуусуна, жана өнүгүсүнө арналган. Бул макалада кыргыздын келип чыгышы, жана ошондой эле улуттук кийимдеринин басып откон доору кененирээк изилденген. Элдик улуттук кийимдер дастандарда, элдик чыгармаларда суроттолуп, элге айтылып келген. Баардык маалыматтар тарых барактарынан алынган. Кыргыз кийимдери II кылымдан баштап азыркы кунго чейин уникалдуулугу менен эч озгоруусуз сакталып калганы.

Ар бир кийимдин келип чыгуу тарыхы. Бул макалада аялдардын устунку кийими, койноктору, белдемчи жана ошондой эле сайма курактын келип чыгышы кененнирээк изилденген.

Тарыхтын негизинде кыргыздын улуттук кийимдеринин конструкциялык озгочолуктору аныкталып азыркы кунго чейин сакталып келген.

**Негизги соз:** Жибек Жолу, кол онорчулук, сайма, курак, оймо, салт санаалар, мурас, улут, жаратылыш, этно, тарых жана маданият,

# KYRGUZ WOMEN ARE NATURAL CLOTHES DESIGN FEATURES

***Imankulova Aiym Satarovna.*** *Doctor of Technical Sciences, Professor, KSTU named after I.Rassakov Kyrgyzstan, 720044, Bishkek, Mira str. 66.*
***Bikir kyzy Asel*** *graduate student,* gr.*TPLI(m) 1-16 KSTU named after I. Rassakov Kyrgyzstan, 720044, Bishkek, Mira str. 66, Tel; (+996)555-94-54-64, e-mail.ru: Aselya_ik_1994@mail.ru*

**Annotation:** This article is women's clothes for the emergence and development of the. This article, as well as the origin of the Kyrgyz national costumes in the last era of wide-studied. Epic national folk costumes, folk arts has been spreading. All the data from the pages of history. The uniqueness of the II century until today, there was without changing.

History of the origin of each garment. This article texture of women's clothing, dress, and at the waist as well as injections, has been studied in detail the origin of age.

Kyrgyz national costumes structural features identified on the basis of modern history has been preserved until today.

**Keywords**: Silk Way, needlework, injectable, cracker, armament, tradition, heritage, nationality, nature, ethno, history and culture,

Кыргыз элинин жана анын маданиятынын калыптанышына алып келген этно жана маданий, генетикалык процесстер Борбордук жана Орто азиянын кең мейкиндиктеринде өткон. Кыргыздардын келип чыгышынын баштапкы баскычы Борбордук Азияда, тактап айтканда Туштук Сибирь менен Алтай тоо кыркаларынын этектери туура келет (б.з.ч. III кылымдын аягы – II кылымдын башына жана б.з. XII кылымдар) VI-XII кылымдарда кыргыздар Борбордук Азиянын согуштук жана саясий тарыхында көрүнүктүү ролду ойношкон. Алар тузгөн мамлекет – Кыргыз каганаты – VIIII - X кылымдарда зор күчкө жетишкен. Дал ушул мезгилде байыркы кыргыздар өздорүнүн үстомдүгүн Борбордук Азиянын эбегейсиз зор аймактарында орнотуп, ал аймактын тарыхына Орто Азияда, азыркы жашаган территориясынын чектеринде оорчугон. [5]

Кыргыз Республикасы аркылуу Улуу Жибек Жолунун маанилүү бөлүгү өткөн. Качандыр бир кезде батыш дүйнөсү Кытай сыяктуу өлкө бар экенин шек кылышпаганы белгилүү. Тянь-Шань, Гималай жана Памир тоо кыркалары, суусуз чөлдөр Евразияны ар кандай эки маданий дүйнөгө бөлүп турган. Биздин доорго чейин II кылымда гана саякатчы Чжань-Цань тоо ашууларын ашып түшүп, Согда, Түндүк Афганистан жана башка өлкөлөргө жеткен. Чжань-Цань Кытайга кайтып келгенде батышта жайгашкан өлкөлөрдүн байлыктары жана укмуштары жөнүндө айтып келген. Көп өтпөй саякатчынын жолу менен соода кербендери жол жүрөт. Маршруттун көпчүлүк бөлүгү Батыш менен Чыгышты байланыштырып турган көпүрө жана Улуу Жибек Жолунун маанилүү бөлүгү болгон азыркы Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу жүргөн. [5]

Кыргыздын элдик кийимдеринин узун тарыхы бар. Алар негизи эки булакка таянып онуккон. Алсак элдин турмуш шартынан жана чарбачылыгынан, ошондой эле эстетикалык ыкка, турмуштук керектоого ылайыкталып кабыл алынган ботон элдик булактан келип чыккан. Мындан сырткары кийимдин онугушуно диний коз караштар да оз таасирлерин тийгизген. Бирок, XVIIII кылымдагы кыргыздарга карата адардын таасирлери өтө аз болгон. Байыркы кыргыздардын (энесайлык) кийимдери жонундогу алгачкы малыматтар Тан династиясынын дооруна тийиштуу кытай булактарында кездешет. «Тан-Шунун» династиялык жазмаларында кыргыздардын тоболдору «кышкысын кундуз тебетей, ал эми жайкысын алтын алкагы бар, шоншойгон тоболуу жана жээги кайрылган калпак кийишет. Калгандары кийиз калпак кийишет». Кыргыздардын баш кийимдеринин бул мунөздуу белгилери негизинен XX кылымдын башталышынан чейин сакталып келген. Ал эми эркектердин кийизден жасалган баш кийими – калпактын эн алгачкы туру шекилдуу. Ал

бугунку кундо кыргыздын улуттук кийиминин негизги болугуно айланды. [3]

Кыргыздардын кийинуу маанайы, кездемелери жөнундогу ачык, так, калыптанган маалыматтар XV-XVI кылымдардан берки, салыштырууга мумкун болгон маалымдоолор болсо XVIII-XIXкылымдардвгы жазма даректерде кездешет. XIX кылымдын маалыматтардын кол башчылардын (аксакалдардын), карапайым калктын кийимдерин экиге болуп көрсөтөт. «Эгерде биринчилери парчадан кийинишип жана баалу тери менен коздолгон кийиз калпак кийишет. Жибек жоолук менен курчанышат, буттарына кызыл жеке отук, экинчилери кыдчык жундон токулган кездемеден тигилген кийимдерди тигишип, белдерин боз кендир жолук менен курчанышкан. Калпактары шокоттолбогон , буттарында соору өтук. Чапандарынын боору ачык, аял менен эркектеринин кийимдеринин бычылыштары негизинен окшош келип , жакалары узун кайфрма турундо келген». [3]

Улуттук кийимдер туралуу элдик оозеки ыр чыгармачылыгында , жомоктордо, тарыхый санжыраларда да ото кызыктуу маалыматтар кездешет. Алсак, оозеки онордүн алп чыгармасы -«Манас» дастанында-откоро көркөмдөлүп айтылган баатырлардын кийимдери, алардын жасалыш ыкмасы, кандай убакта кийишери жонундо жолугат. Байыркы дастандын башкы каарманынын жубайы Каныкей Манаска, жанан анын кырк чоросуна колунан кору тогулгон усталар менен ууздарга озгочо сапаттагы материалдардан жоокер кийимин, согуштук курал жабдыктарды укмуштудай эсте калаарлыктай суроттолот. Эпикалык чыгармага мунөздуу апыртмаларды кошпогондо чынында эле дастанда суроттолгон кийим-кечелери кыргыздардын накта турмушунда пайдаланып келген. Элдин эсинде XIX кылымдын аягында салттуу турмуш-тиричиликтен биротоло жок болуп кеткен ото сейрек кезигуучу кийимдердин турлору сакталып калган. Аларга канаттулардын жунунон жасалган чапан сымал, бакшынын жоого кийүүчү кийимдердин коптогон түрлөрү кирет. [3]

Кыргыздар менен казактардын кийимдериндеги окшоштуктар, кээ бир учурларда алар бири-бирин толук бойдон кайталап калганын да жолуктурабыз. Бул болсо эки элдин каада-салты, тили, маданияты, чарбачылыгы ж.б. жагынан тарыхый байланыштары терен экендигин далилдейт. Андай окшоштуктарды Туштук Сибирь жана Алтай аймактарында жашаган алтайлыктардын, тувалардын ж.б. кочмон өзбектердин, туркмондөрдун, каракалпактардын, ошондой эле Волго боюндагы татарлардын, башкырлардын, чуваштардын кийимдеринен да жолуктурабыз. Бул окшоштуктар байыркы жана орто кылымдардагы турк маданиятынын онугушүнүн жалпы процесстери менен катар сонку соода-экономикалык карым катнаштардын оз ара маданий алакалаштык байланыштардын натыйжасынан келип чыккан. Ошого карабастан кыргыздардын кийимдери XIX кылымдын экинчи жарымында XX кылымдын биринчи жарымында озуно таандык жаркын этникалык ботончолүкко ээ болгон. [3]

Салтту кыргыз кийимдеринин материалдык негизин койдун, эчкинин, тоонун жундору тузгон. Аялдар жонокой токуу, согуу жолу менен (ормокто) бир нече тустогу озгочо бышык кездемелерди токушкан. Тоонун жунунон токулган кездеме бышыктыгы менен ото жогору бааланган. Ал эми өсүмдүктөрдүн буласынан токулган кездемелерди кыргыздар абалтан эле отурукташкан коншу элдерден алмашып же сатып алып турушкан. Ал турсун оздору да жасашкан. Жылуу кийимдерден – ичик кышында кийүүчү баш кийимдерди сансандардан, козулардын корполорунон тигишкен. [3]

Кийим жасалуучу материалдарды даярдоодо анчылык маанилуу орунду ээлеген. Кыргыздар козго атар мергенчи катары да данкталышкан. Алар жырткычтарды жана жапайы айбанаттарды атып, кармап алуунун коп ыкмаларын, терилерин пайдаланууну жакшы билишкен. Карышкырлардын, тулкунун, илбирстин, сулосундун, суусардын ж. б терилеринен жылуу кийимдерди тигишкен. Алардан жасалган ичиктер озгочо бааланып, кымбат баалуу сарпайы катары эсептелинген. Тулкунун карышкырдын бучкагынан териси сыртына, ичине да каратылып тигилген ичиктер: пайча, бучкак ичик сыйлуу болгон. Тоо текелердин терисинен (ышкынга салынган) кенен шымкандагай тигилген. Анын тарыхы кылымдардын тупкуруно кетет. Байыркы кыргыздар кандагай деп багыштын терисинен

тигилген шымды да айтышкан. Кандагайды кыргыздар XIX кылымда тоо текенин терисинен кийишкен. Ал эми шымдын бычылышы, саймалары, негизги мааниси XX кылымдын башталышы Кыргыздын элдик кийимдери негизинен жынысына жана курагына жараша болунгон. [3]

Наристелер менен балдардын кийимдеринин ону-тусу, бычылышы бирдей болгон. Бара-бара адамдын жашы жана коомдук доолоту жаныланып, жакшырып, татаалдаша баштаган. Кийим-кече жынысына карата аялдыкы, эркектики, жашка карата кыздыкы, уулдуку, кийинуу маанайы боюнча майрамдык, уйдо, уйлонуу тоюнда, азат кутуудо, анчылык кийимдерине, жыл маалына карата кышкы, жайкы деп болунгон. Кийимге кийинуу жагдайына, кооздуктарга, кийимдин башка болукторуно карата бир катар архаикалык коз-караштар да жашап келген.на чейин сакталып калган. Ал элдик корком онордун чыныгы асыл улгусу болуп саналат.

Кыргыз кийиминин, анын улуттук озгочолукторунун калыптанышы элдин этникалык тарыхы менен ажырагыс байланышкан.

Аялдардын кийими. Кыргыз көчмөндөрундө аялдардын сулуулугу жана кийими оздорунун туугандарын сыйлоодо көрунөт. Эгерде кыргыз аялдарынын кийими кооз, татаал жана таланттуу саймаланган болсо, бул анын жогорку абалы жана уй-булөнун материалдык абалынын жакшылыгын айгинелейт.

Жалпысынан кыргыз аялдарынын салттуу кийими эркектердикинен өтө айырмаланган эмес.

XX-кылымдын XX-жылдарынан кийин кийим тигүүнүн жаңы технологиялары өздөштүрүлүп, европалык форма менен улуттук элементтердин айкалышынан кыргыздын улуттук кийимдеринде чоң өзгөрүүлөр болду. Учурда кыргыз элинин салттуу заманбап кийимдеринин түрлөрү көбөйүүдө.

XX кылымдын экинчи жарымынан тарта кыргыздар устунку кийим катары бешмант жана камзол кие башташкан. Бул болсо эркектердин, аялдардын бутундой салттуу кийимдеринин турун озгортууго алып келген. Ал Орто Азияда, Волга боюнда жана Кавказда жашаган элдердин кийимдеринин онугушуно муноздуу болгон. Бешмант кийимдин башка турлорунон денеге кыналып тигилуусу менен айырмаланган. Анын аркасы жана кокурогу эки башка бычылат. Аркасы каптал жактарынан белден ылдый кененирээк бычылып тигилет. Жендери оз алдынча оюлуп, узун же чыканакка чейин жетет. Жакасы ачык эмес, тик болгон. Бешмант топчулар менен бучулонот. Капталдырына туурасынан бычылган чонтоктор тигилет. Бешмантты кымбат баалуу кездемелерден, кобунесе баркыттан жасашкан (сурөт-1а). Бул жумуруяттын тундук болугуно тараган. [3]

Ушул мезгилде жени жок кийим – камзол (кемзир, кемсел) кенири тарайт (сурөт-1б). Улгайып калган аялдар камзолду анча бийик эмес тик жака кылып, астар салып чонток тигишкен. Тестиер балдардын, кыздардын кемзирлерин седеп топчулар менен жыш кооздошкон. Улгайып калган аялдардын камзолу кара, келин-кыздардыкы болсо кызыл же башка ондогу баркыттан же тукабадан болгон. [3]

Аялдардын устунку кийиминин онугуусу жаны, европалык моделдердин да, жаны кездемелердин колдонулушунун таасири аркасында жургон. Орто Азия элдерине жалпы бул процесс ар кандай ылдамдыкта откон. 20 кылымдын баш чендеринде тукабадан тигилген азыркы пальто сымал чапандар пайда боло баштаган. Анын аркасы денеге кынаштыра, жендери өз алдынча бычылып ийинге тигилген,ич чонтоктору жабык бучулуу, жакалуу болгон. [3]

Аялдардын кийимдери бардык эле устунку кийимдердей узун, кенен тигилген койноктордон турган. Анын капталына кыйык салынып тигилген. Ал эми жендери болсо ийинге тик бириктирилген. Жакалары корунушу боюнча эки турдо болгон. Эн эле эски койноктордун жакасы ийинден ийинге чейин ызатасынан бычылганы туура жака көйнөк деп аталган (сүрөт-2а). Ал эки ийинден шоона же топчу менен бучулган. Жаканын бул байыркы туру балдардын кийимдеринде сакталып калган. Койноктун экинчи турунун жакасы

узатасынан жана көкүрөктөн ылдый бычылып узун жакалуу көйнөк делген (сүрөт-2б). XIX кылымда андай жакалуу көйнөк Кыргызстандын бардык аймагында бирдей тараган. Анын кокурогунон сайма менен онур чыгарышкан же атайы оймо түшүрүлгон жака токушкан (түштүктө). Онурдо адегенде көйнөктун өзүнө сайышкан. Кийинчерээк аны токулган тоштук жака суруп чыгарат. Жаканы үйлонү тоюнан кийин өмур бою тагынып журушкон.

XIX кылымдын аягында кокуроктон ылдый бычылган моюн жагы тик жакалуу көйнөктөр тарай баштайт. Ал топчу менен бучулонгон (сүрөт-3а). Тик жакалуу койноктун пайда болушу менен онур биротоло жоголот. Андай көйнөктун этегине бир же эки кош этек салынат (сүрөт-3б).

Кийинчерээк , кыргызстандын тундук тарабында аялдардын көйнөгунун бели кошулуп тигилип баштайт. Кокурок жагынан узун этекти буйурмо кылып бириктирип тигишкен. Анын этек-жени кошкелип, жакасы буктолуп тигилген (сүрөт- 4). XIX кылымдын бащында койноктун бычылышы татаал боло баштайт. Көйнөктун ийиндери бириктирилип тигилип, колтук менен жендери оз алдынча оюлат, жакасы болсо кайырмалуу болот. Ошол кезде туштук тарапта кыз-келиндер жаны тигиштеги койнокторду кийишкен. Андай койноктордун бурмосундо бастырыгы болуп, буйумолуу жана кайырма жаклуу келген. Бара-бара ал койноктор бутун Орто Азия аймагына муноздуу боло байтайт.

Аялдардын кийим-кечектеринин ажырагыс болугу болуп алардын ыштан-дамбалдары эсептелинет. Булардын ала-булалуу жаркыраак түстогү кездемелерден тигишкен. Алардын тигилиши эркектердикине окшош келген. Багалектери койноктун этегинен корунгондой кызыл ашыкка чейин узун тигишип, белин ычкыр менен байланышкан. Туштук тарапта болсо, дамбалдын, багалеги буйурулуп оймо тушурулгон жээк менен бастырылган (сүрөт-5)

Аялдардын узун, кенен тигилген койногунун белин жоолук же жундон токулган атайы белдик менен курчанышкан. Анын бир башына сайма тушургон же болбосо чачы жасашкан. Белди курчануу илгертеден бери келе жаткан ыкма. Бугунку кундо ал улгайып калган аялдардын кийиминде кездешет. Аялдардын кийимдеринин ичинен оз алдынча кызыгууну туудурган белден ылдый кийчу белдемчи болуп саналат.

**Жыйынтыктоо**

Бул макалада кыргыздын улуттук кийимдеринин укмуштуудай коолдугу жана ата-бабаларыбыз кийимге гана карап адамга баа бербестен анын оюсуна, саймасына конул болуп мамиле жасашкандыгын билсек болот.

Ошол кезде кездеме алуу ушунчалык кыйынчылыктарды туудурганына байланыштуу, кичинекей наристелерге чон олчомдогу кийимдерди кийгизгенге мажбур болушкандыгы аныкталган. Бирок кездемелер бышык, чыдамдуу болгондуктан бир кийимди 2-3 жыл андан сон балдарына дагы откорушкон.

Кыргыз улуттук кийимдер бир гана корк бербестен адамдын ден-соолугуна дагы оз таасирин тийгизген. Себеби дегенде тоо кыркаларында суукта, ысыкка ылыйыктуу кылып тигуу эн чон аракетти талап кылат.

Макалада камтылгандай улуттук кийимдердин озгочолугу болуп, II кылымдан баштап азыркы кунго чейин уникалдуулугун жоготпой келет.

Азыркы учурда бир гана тойлордо эмес, кочолордон дагы жаш-курактагы энелердин, жаш улан кыздардын кыргыздын элдик, улуттук кийимин заманбап турун кийгендигин коп эле кездештиребиз.

Мындан сырткары кийимдердин турлору, жаралуусу, озгочолукторуу камтылган.



(Сурот-1а)



(Сурот-1б)



(Сурот-2а)



(Сурот-2б)



(Сурот -3б)



(Сурот - 3в)



(Сурот -4)



(Сурот-5)

**Колдонулган адабияттар**

1. Антипина, Клавдия Ивановна. Кыргыздын элдик искусствосу. Кийизден жасалган
буюмдар, кездемелер, саймалар.- Ф. Кыргызстан, 1971. Вып.1971.-107 б.

2. Абрамзон С. М. Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана тарыхый – маданий байланыштары. Л., 1971, 125-б.

3. Акматалиев, Амантур. Көркөм кол өнөрчүлүк : Окуучулар үчүн колдонмо.- Ф.: Мектеп, 1984.- 133б.

4. Бичурин Н. Я (Иакинф), байыркы мезгилдерде Орто Азияда жашаган элдер туралуу маалыматтардын жыйнагы. Т. I,М.-Л., 1950, 352-б.

5. Сыдыгалиев, Жаныбек. Элдик жасалга өнөр. Мин кыял : окуу китеби /Ж. Сыдыгалиев. – Б. : Бийиктик, 2014. – 194б. : ил. ; 27 см. – Библиогр.: б.183-192 . – ISBN 978-9967-24-383-4 830 сом

6. “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы: 4-том. Башкы редактору Асанов Ү. А. К 97. Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2012. 832 бет, илл. ISBN 978 9967-14-104 -9

**УДК 338.367:687.05**

## СОВЕРШЕНСТВОВАНИЕ ОРГАНИЗАЦИИ ПОТОЧНЫХ ЛИНИЙ ШВЕЙНЫХ ЦЕХОВ

***Рысбаева Имийла Акимжановна,*** *к.т.н., доцент,КГТУ им. И. Раззакова, каф.Технология и конструирование изделий легкой промышленности, Кыргызстан, 720044, г. Бишкек,пр. Ч.Айтматова 66, e/mail:Imiyla@mail.ru*

***Качаганова Сейил Омурбековна*** *магистрант гр. ТИЛПм-1-16 КГТУ им.И.Раззакова, Кыргызстан, 740700, г. Бишкек, пр. Ч.Айтматова 66 e-mail: Seyilka_95@mail.ru*

**Аннотация**. Авторами исследованы современное состояние проблемы технологической подготовки швейного производства, а также выполнены необходимые расчеты параметров, для проектирования швейного потока.

Проблемы проектирования и внедрения поточных линий в отечественных, швейных предприятиях остаются не решенными так, как они пользуются традиционными методами разделения труда: выполнение всех операций на одном рабочем месте; разделение труда без каких-либо расчетов, что приводит к частому переходу исполнителя с одной операции к другой и соответственно снижается производительность. Результаты анализа традиционного метода показывают, что данный метод не рационален для предприятий, выпускающих продукции большими сериями. Поэтому проектирование и внедрение усовершенствованных, поточных линий в отечественные швейные предприятия играет первостепенную роль. В работе изучены комплексы мероприятий, направленных проектированию технологического процесса и методы его оптимизации.

**Ключевые слова**: поточная линия, совершенствование, швейный цех, оптимизация, рациональность, проектирование, технологический процесс, эффективность, производительность труда, автоматизация.

## IMPROVEMENT OF THE ORGANIZATION OF PRODUCTION LINES OF THE SEWING SHOPS

***Rysbaeva Imiyla Akimjanovna****, PhD (Engineering), Associate Professor,KSTU named after I.Rassakov .of Technology,and designing of products of light industry, Kyrgyzstan, 720044, Bishkek, CH. Aitmatov str. 66, e-mail: Imiyla@mail.ru*